| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br><br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>БАРСКООН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br><br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>БАРСКООНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I-чакырылышынын X-кезектүү сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын 05-февралы №7** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагындагы таштандыларын ташып чыгаруу үчүн чогулуучу жыйымы жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КРнын мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктуна ылайык жана 2024-жылдын 1-апрель айынан тартып административдик территориалдык реформанын негизинде Тамга айыл өкмөтү менен Барскоон айыл өкмөтү бириккендигине байланыштуу Барскоон айыл аймагында таштандыларды чыгаруу иштерин “Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасы аркылуу чыгарылып, ар бир түтүн бул ишканага таштанды үчүн салык төлөп жаткандыгына байланыштуу, ар бир түтүндөн таштандыларды чыгарууга 20 сомдон чогулуучу жыйымды жойуу тууралуу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 14-январындагы №10 кайрылуусунун эске алып, **Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:**

1. Барскоон айыл өкмөтү боюнча ар бир түтүндөн 20 сомдон алынуучу калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымы токтотулсун.
2. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жана аткаруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска